# Философ Сухревердинин өлтүрүлүүсү тууралуу көз караш

Arş. Gör. Eyüp Bekiryazıcı
Atatürk Üniversitesi İlahiyat Fakültesi / TURKİYE

## Filozof Sühreverdi'nin İdamı Üzerine Bir Değerlendirme

Özet

Şihabuddin Sühreverdi İslam felsefesi tarihinin önemli düşünürlerinden biridir. O 1191'de fikirlerindeki aşırılık sebep gösterilerek idam edilmişti. Bu sebeple hem fikirleri hem de eserleri yıllar boyunca şüpheyle karşılanmıştır. Hazırladığımız bu makale ile düşünürün öldürülüşünün gerçek sebeplerini irdelemeye çalıştık. Düşünce tarihimizde bir çok filozofun dışlanmasına yol açan küfürle, ilhatla itham gibi sebeplerin asılsızlığına bir kez daha dikkat çekerek aslında serbest düşünce karşıtlığından kaynaklanan bir öldürülme nedeninin olmadığına, dolayısıyla da idam sebebinin iddialara dayandığına vurgu yapmaya çalıştık.

**Anahtar kelimeler:** Sühreverdi, Filozof, İdam, Siyasi, Halep

## Киришүү

Ислам тарыхында бир канча ойчулдун өмүр баяны, жөнөкөй эле өмүр баян болбостон байланыштуу болгон диний, саясий жана тарыхый окуялардын негизинде изилденгенде Ислам философиясы жөнүндө бизге бир топ маалыматтарды берет. Бул аттарга мисал катары Мухаммед Закариййа ар-Раази(313/925), Ибн Бажже(533/1138), Ибн Рушт(595/1196) жана Шихабуддин Сухревердини(587/1191) айтууга болот. Бул философтор, колдо болгон маалыматтарга караганда көз караштарынан улам куугунтукталып, динден чыккан деп башкача айтканда (мулхит)[1] болуу менен айыптап же болбосо динге каршы ойлору менен айыпталып,[2] сүргүнгө айдалып,[3] зулумдук көргөн[4] жана өлтүрүлгөн.[5] Өзүнүн чыгармаларындагы маалыматтарга караганыда бул абалдын динден улам пайда болгондугу чындыктардын бар экендигин айтыш мүмкүн. Адилетсиз ой пикир мусулмандарды билим жана ой жүгүртүүгө каршы, фанат жана сыйсыз болуу ою менен теңеп коюусу ачык айкын иш.

Бул себептен улам жогорудагы теманын иликтелүүсү, бул кысым жана канкордуктардын негизги себебин табуу керек экендигине болгон үмүтүбүз

[1] Бул тууралуу кенен маалымат үчүн краңыз., Karaman Hüseyin, **"Ebu Bekir er-Razi'nin Mülhitliği Bir Gerçeklik mi Yoksa Tarihsel Bir Yanılgı mı?"**, EKEV Akademi Dergisi, Yıl 6, Sy, 11, Bahar 2002, 107-123-б.

[2] Караңыз., Aydın, İbrahim Hakkı, **"Gazali'nin Filozofları Tekfirinde Fârâbî'nin yeri"**, Felsefe Dünyası, sy, 14, Kış 1994, . 36-35.

[3] Караңыз., De Boer, T. J., **İslam'da Felsefe Tarihi**, çev., Yaşar Kutluay, Ankara 1960, 132-133.

[4] Караңыз., el-Ma'sumî, Muhammed Sağir Hasan, **"İbn Bacce"**, Klasik İslam Filozofları ve Düşünceleri (içinde), çev., İlhan Kutluer, İnsan Yayınları, İstanbul 1997, 230-231.

[5] İbn Ebi Usaybia, **Uyûnu'l-Enba fi Tabakâti'l-Etibba,** Beyrut 1965, 642; Ebu Reyyân, Muhammed Ali, **Usûlu'l-Felsefetu'l-İşrâkiyye inde Şihâbuddin es-Sühreverdî,** İskenderiye–Mısır trhsz, 120.

бизди бул изилдөөгө багыттады. Жогоруда белгиленген философдордун бирөөсүн иликтеп чыгуу бул мкакаланын мазмунуна ылайык болгондуктан бул сыяктуу окуялардын эң кайгылууларынын бири динге каршы пикирлери бар деген шылтоо менен өлтүргөн Сухревердини мисал катары алабыз. Бул жагдайда ошолу философдун өлтүрүлүүсүнүн себеби катары көргөзүлгөн ой пикирлер изилденип, андан кийин алар жашаган доордун саясий жана социо-маданий абалын эске алып, бир негизге жетип, тыянак чыгарууга аракеттенебиз.

**Ойчулдун өлтүрүлүүсүнө себеп болгон ой пикирлер:**

Сухревердинин кыска гана өмүрүнүн көпчүлүгү саякатка чыгуу менен өткөн. Анын акыркы жайгашкан жери болсо, ал доордогу Ислам дүйнөсүнүн күчтүү мамлекеттеринин бири болгон, Аййюбилердин өкүмчүлүгүндөгү (доорундагы )Халеп шаары болгон. Аййюбилер мамлекетинин бул учурда башкрган адам Селахеддин Аййюбий болуп турган учурда Халеп шаарынын акими болсо анын уулу Малик Закир болгон.[6]

Сухревердинин бул шаарга баруусу, анын өлтүрүлүүсү менен аяктай турган өкүнүчтүү окуя болуп калды. Себеби маалыматтарга караганда бул шаарда ал баатыный түшүнүккө ээ болгондугу үчүн өлтүрүлгөн. Бирок бул жаатта изилденген жана иликтелип чыккан маалыматтарга караганда абдан башкача кабарлар белгиленген. Бул маалыматтын негизинде булактардан белгиленген өлтүрүү себептери катары төмөнкүлөрдү айтууга болот:

1. Динден чыгуу(зындык) жана диндан алыстоо, кайтуу жана Халептин акими Малик Закирдин ахлак жана ыйманын бузуу саясаты мүмкүн деген ой пикир(шек саноолор)[7].

2. Исмаилий жана батыний ой жүгүрткөн, карматийлик ой пикирлерди жайгандыгы жана Фатимийлердин дааватчысы деген ойлор.[8]

3. Маздеист (маздакизм) жана Зердуштий (зороастрий) пикирлерге ээ болгондугу. [9]

4. Уламаанын (Билимдүүлөр) өчү жана көрө албастыгы, Сухревердинин үрп-адатка каршы болгондугу.[10]

5. Каапырдык пикирде болуусу.[11]

---

[6] Zebihullah-i Safa, **İran Edebiyatı Tarihi**, çev. Hasan Almaz, Nüsha Yayınları, Ankara 2002, I, 148.

[7] Marcotte, Roxanne D., **"Suhrawardî al-Maqtûl, The Martyr of Aleppo"**, al-Qantara, vol. XXII, Madrid 2001, 411; İbn Ebi Usaybia, **Uyûnu'l-Enba fi Tabakâti'l-Etibba**, 642; Ziyâî, Hüseyin, **"Sühreverdî: Aydınlanmacı Felsefe Doktrini"**, İslâm Felsefesinde Siyasi Düşüncenin Gelişimi, (içinde) Butterworth, ed. Charles E.- çev. Selahattin Ayaz, Pınar Yayınları, İstanbul 1999, 290; Nedevî, Ebu'l-Hasan Aliyyü'l-Hüseyni, **el-İmam Serhendi Hayatuhu ve A'maluhu**, Daru'l-Kâlem, Beyrut, trhs, 193; Tavil, Tevfik, **fi Turaseni'l-Arabiyyi'l-İslam, Âlemu'l-Marife**, Kuveyt 1985, Kaya Mahmut, **"Sühreverdî"**, İslam Filozoflarından Felsefe Metinleri (içinde), Klasik, İstanbul 2003, 503.

[8] Taufic, İbrahim-Arthur, Sagadeev, **Claic Islamic Philosophy**, Progre Publishers, Moscow trhs., 288; Şeşen, Ramazan, **Selâhaddin Eyyûbî ve Devleti**, Çağ Yayınları, İstanbul 1987, 412; Marcotte, **"Suhrawardî al-Maqtûl, The Martyr of Aleppo"**, XXII, 404-405.

[9] Ülken, Hilmi Ziya, **İslâm Felsefesi Kaynakları ve Etkileri**, Ülken Yayınları, İstanbul 1998, 173; Zebihullah, **İran Edebiyatı Tarihi**, I, 149.

[10] Tavil, **fi Turaseni'l-Arabiyyi'l-İslam**, 192-194; Ülken, **İslâm Felsefesi Kaynakları ve Etkileri**, s. 173; Şeşen, **Selâhaddin Eyyûbî ve Devleti**, 412; İbn Ebi Usaybia, **Uyûnu'l-Enba fi Tabakâti'l-Etibba**, 642;

6. Анти-Исламчы(Исламга каршы), реформачы ойлору жана үгүттөөчү болгондугу.[12]

7. Бакшылык кылгандыгы пикири.[13]

8. Ислам ишенимине туура келбеген философиялык ой пикирге ээ болгондугу.[14]

9. Саясий себептер.[15]

Бул темадагы айыптоолордун эң негизгиси "батыний пайгамбардык", ой пикиринде болгондугунан улам өлтүрүлгөндүгү болуп саналат. Сухревердинин өлтүрүлгөн доорун изилдегенде, Батинийлердин кылган иш аракетинин активдүүлүгү көңүлдү бурат. Бул доордо бир канча мамлекет бул агымдын зыянына түздөн –түз дуушар болгон. Ойчулдун бир жерде көп убакытка калбоосу жана ушул себептен улам мындай топ менен мамилеси болгон деген ойдун айтылуусуна жана бул ойдун өзүнө тараптар түзүүсүнө жол ачкан.

Буларга кошумча ойчулдун чыгармаларынын бир бүтүндүк ичинде каралбагандыгы жана кээ бир ойлорунун туура эмес түшүнүлүшү батинийлик менен айыпталышына себеп болгон. Маселен: душмандары, Сухревердинин *Елвахы имаадиййе* атуу чыгармасында жазылган *"Илахий жардам ар кылымда Кудайдын аяттары менен колдоого алыныш анын жардамы менен коомдо тынчтыкты орнотуу менен милдеттендирилген бир адамды талап кылат".*[16] деген сыяктуу сөздөрүн жакшы анализдебей туруп анын батыний болгондугуна далил катары көргөзүшкөн. Теманы тарыхый жактан караганыбызда кызыктуу абал көзгө урунат. Себеби Сухреверди Халепке келгенде аким Малик Закирдин айлана чөйрөсүндө кадыр барктуу улама тобу болгон. Бул аалымдардын Малик Закирге таасири тийип турган. Сухреверди шаарга келгенде Малик Захир менен аябай жакын достук мамиле түзүп, Малик Закир жадагалса аны бардык иштеринде негизги даанышманы (кеңешчиси) катары көрүп, натыйжада улама тобуна көңүл бурбай койгон.[17] Бул көрүнүшкө укукчулардын жиндери келип, Сухревердини саясий келечеги туурасында коркунучтуу көрүшкөн. Мындан улам Сухревердини "калктын ыйманын бузуучу, Малик Закирдин,[18] адеп

---

[11] Landelt, Hermann, **"Suhrawardî's Tales of Initiatien"**, *Journal of The American Oriental Society*, New Haven, 1987, c. 107/31, 475; Tavil, **fi Turaseni'l-Arabiyyi'l-İslam,** 192-193; İkbâl, Muhammed, **İslâm Felsefesine Bir Katkı**, çev. Cevdet Nazlı, İnsan Yayınları, İstanbul, 1997, 93.

[12] Izutsu, Toshihiko, **"Ishrâqiyah"**, *Encyclopedia of Religion*, New York, 1987, c. VII, 300.

[13] Bayraktar, **İslâm Felsefesine Giriş**, 96; Ziyâî, **"Sühreverdî: Aydınlanmacı Felsefe Doktrini"**, 88; Ülken, **İslâm Felsefesi Kaynakları ve Etkileri**, 172.

[14] Ziyâî, **"Sühreverdî: Aydınlanmacı Felsefe Doktrini"**, 291.

[15] Бул жөнүндө классикалын себептен улам толук деле жазылган эмес. Бирок акыркы мезгилдерде бул жөнүндө изилденген маалыматтарда абдан так белгиленген. Караңыз., Ömer Tal'at Zehran, **"Sühreverdî Maktul"**, Mecelletu'l-Ezher (içinde), çilt XXII, 248-252-339-344; Nasr, Seyyid Hüseyin, **İslam'da Düşünce ve Hayat**, İnsan Yayınları 1988, s. 36.

[16] Suhrawardi, Shaykh al-Ishraq Shihab al-Din Yahya, **Kelimetüt-Tasavvuf**, Three Treatises (İçinde), ed. Najaf-Gholi Habibi, Tahran 1977, 108.

[17] İbn Ebi Usaybia, **Uyûnu'l-Enba fi Tabakâti'l-Etibba**, 642; Ziyâî, **"Sühreverdî: Aydınlanmacı Felsefe Doktrini"**, 292.

[18] Melik Zâhir, henüz 14 yaşındadır. Marcotte, **"Suhrawardî al-Maqtûl, The Martyr of Aleppo"**, XXII, 403.

ахлагын буза турган өзгөчөлүктөргө ээ адам"- деп Шамдагы (Сирия) Селахеддин Аййюбийге арызданышкан.[19]

Бул окуяны Малик Захир билип калып, кийичерээк чыга турган жамандыктан алдын алуу үчүн Сухреверди менен Халеп уламасы ортосунда бир талкуу уюштурган. Калкын алдында жүргүзүлгөн бул талкуу Сухреверди, Халеп уламасынын берген суроолоруна булактарда белгиленгендей кылып жооп берет. Бирок алардын бирөөсү, "Алла Таала азыр бир пайгамбар жөнөтө алабы?"- деген суроону бергенде "Бардык нерсеге күчү жетип тургандан кийин албетте жөнөтө алат"- деп жооп бергенде каршы тараптан болсо "буга пайгамбар жөнөтүү да тиешелүүбү?"- деп сураганда, ал болсо "Сиздер Кудайдын кудуретин чектеп жатасыздар" дегенде "мына бул дагы алардан бирөөсү (батыний)"- деп калктын жиндерин келтиришет жана талкуу укукчулар пландаштыргандай болуп аяктайт. Сухреверди тынчсыз чөйрөдө Малик Захирдин кийлигишүүсү менен Халеп чебинде коргоого алынып, куткарылат.[20]

Мында укукчулар ойчулду «батыний пайгамбарлык» пикири менен күнөөлөшүп талкуунун жүрүшүн зыяндуу жагына тайдырууга аракеттенишкен. Биздин оюбузча ойчулдун эң маанилүү китеп болгон Курандын Кудай тарабынан илхам жолу менен бир түндө жөнөтүлгөдүгү пикири да уламанын (аалымдар тобу) анын бул туурасында күнөөлөө үчүн колдонгон далилдеринен бири катары эсептелген.[21] Бул жол менен укукчулар анын динди кабыл кылбагандыгын жаюуга багыт алышкан. Ал эми биздин оюбузча көңүл бурула турган эң негизги нерсе Сухревердинин суроого "мүмкүнчүлүк жана Кудайдын кудурети" деп жооп бергендигинде болуп жатат жана бул суроого ачыктап жооп бербегендигинде. Бул жагдайдан улам философду алар батинийлик менен айыптоолоруна жол ачкан. Бирок Сухревердинин бул суроого берген жообу өзүнүн сөздөрүндө да ачык эле көрүнүп тургандай, Кудайдын кудуретин чектеп жатышканынан улам эле айтылгандыгын туюубуз абзел. Бирок душмандар өздөрү каалагандай түшүнүшүп, бул маселенин үстүндө жигердүү иштөөгө аракеттенишкен. Себеби бул нерсе аларга зарыл болчу. Бул шылтоодон пайдаланып алар калкты топтоп фетва (өкүм) чыгарышкан жана Селахеддин Аййюбийге таасирдүү каттарды жазышып, Сухревердинин өлтүрүлүүсүн талап кылышкан. Жадагалса сүргүнгө айдалуусуна каршы болушуп, ал кай жерге барбасын ал жердеги калктын башын айландырат мына ошондуктан ал сөзсүз түрдө өлтүрүлүшү керек дешкен[22] жана бул иштеринде ийгиликке жетишишкен.[23] Өлтүрүлүүсү үчүн динден чыккандыгы (зындыктыгы) шылтоо кылынып, Халеп уламасынын Зейнуддин жана

---

[19] İbn Ebi Usaybia, **Uyûnu'l-Enba fi Tabakâti'l-Etibba**, 642.

[20] Tavil, **fi Turaseni'l-Arabiyyi'l-İslam**, 192-193; Morcotte, **"Suhrawardî"**, XXII, 411; **İbn Ebi Usaybia, Uyûnu'l-Enba fi Tabakâti'l-Etibba**, 642; Zehran, **"es-Sühreverdî Maktûl"**, *Mecelletü'l-Ezher*, XXII, 248-252.

[21] Sühreverdî, **Hikmetü'l-İşrâk**, II, 258-9.

[22] İbn Ebi Usaybia, **Uyûnu'l-Enba fi Tabakâti'l-Etibba**, 642.

[23] Marcotte, **"Suhrawardî al-Maqtûl, The Martyr of Aleppo"**, XXII, 405; Çubukçu, İbrahim Agah, **"Sühreverdî ve İşrâkiye Felsefesi"**, AÜİFD. XVI, 177; Ziyâî, **"Sühreverdî: Aydınlanmacı Felsefe Doktrini"**, 292.

Междуддин ибн Жехбал аттуу адамдарга фатва чыгартышкан.[24] Бул фатва «өлтүрүүнүн зарыл экендиги» туурасында документтештирип, Селахеддин Аййюбийге жөнөтүшкөн[25] Ал болсо Кады Фадыл жазуусу менен уулуна даанышмандын сөзсүз түрдө өлтүрүлүшүн билдирген бир буйрук жөнөтүп,[26] эгерде уулу буйрукту аткарбаса, Халепке өзү келип ойчулду да, өзүн да жазалай тургандыгын баяндаган.[27] Малик Захир досу Сухреверди менен бул окуя туурасында сүйлөшүп, Сухреверди ага "мени зынданга камап, ачка таштап кет" деп сунуш кылат жана бул оюн туура кабылдап натыйжада ачтык азабы өлүмүнө жол ачкан.[28] Сухревердинин качан өлгөндүгү же болбосо өлтүрүлгөндүгү туурасында так маалымат жок. Бул жөнүндө түрдүү маалыматтар бар. Бирок бир канча тарыхчылар Ражап айынын беши 587/4-август айы болгондугун жана ошол учурда 36 жашта болгондугун айтышат.[29]

Бул жерде талкуулана турган маселе төмөндөгүчө «Салахеддин Аййюбинин мынчалык шашылыш мамилелеринин себеби эмнеде?» Бул суроого жооп берүү Селахеддиндин дагы жашаган чөйрөсүн, социо-маданий абалын билип үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт жана географиянын геополитикалык мааниси да бул окуя менен жакындаштырууга болот. Бир мааниде өлтүрүүнүн жөнөкөй иш эмес экендиги байкалат. Теманын ачыкка чыгуусу багытында Росанне .Д .Маркоттенин доорун Халептин социо-саясий абалында кылган изилдөөнү белгилөө максатка ылыйык. Ал бул изилдөөсүндө Селахеддиндин Халеп шаарында Селахеддиндин бул жерди басып алган 1183-жылдары келгендигин белгилеп, ал жылы шаардын алынусуу аяктай элек экендигин, шаарда армия түзүлгөндүгүн белгилейт. Айрыкча Селахеддин Аййюбийнин шаарында биримдүүлүктү жана тынчтыкты орнотуу үчүн шаардагы дин адистерин колго алуу максатында болгондугун белгилейт.[30] Ошондуктан Селахеддин Аййюбий үчүн ал учурда маанилүү нерсе, шаардагы өз ара тынчтыктын орношу үчүн эмне керек болсо аны жасоо болчу. Албетте бул абалда Сухревердиге карата жүргүзүлгөн ой пикирге каршылык көргөзбөөсү күтүлбөгөн эле.[31] Себеби

---

[24] Safedî, **el-Vafi bi'l-Vefeyat**, II, 320; Zehebî, **Siyeru A'lami'n-Nübela**, XXI, 212; Kehhale, **Mu'cemu'l-Müellifin**, XIII, 189.

[25] Şeşen, **Selâhaddin Eyyûbî ve Devleti**, 412.

[26] İbn Ebi Usaybia, **Uyûnu'l-Enba fi Tabakâti'l-Etibba**, 642.

[27] İbn Ebi Usaybia, **Uyûnu'l-Enba fi Tabakâti'l-Etibba**, 642.

[28] Şehrezûrî, **Tarihu'l-Hukema Nüzhetü'l-Ervah ve Ravzatu'l-Efrâh**, 380; Ziyâî, **"Sühreverdî: Aydınlanmacı Felsefe Doktrini"**, 292.

[29] Ebu Reyyân, **Usûlu'l-Felsefetu'l-İşrâkîyye inde Şihâbuddin es-Sühreverdî**, 120; Şeşen, **Selâhaddin Eyyûbî ve Devleti**, 411; Brockelmann, **GAL**, I, 781; Zebihullah, **İran Edebiyatı Tarihi**, I, 148; Çubukçu, **"Sühreverdî ve İşrâkîye Felsefesi"**, XVI, 177.

[30] Marcotte, **"Suhrawardî al-Maqtûl, The Martyr of Aleppo"**, XXII, 401.

[31] Бул маселе жөнүндө Эбу Реййандын абдан маанилүү ачыктоосу бар. "Бул доор Аййюбилердин эки абдан маанилүү эки коркунучта болчу, алардын бирөөсү крестүүлөрдүн жортүүлү,экинчиси болсо Исмаилилердин чекти ашуулары болуп саналат" Бул мезгилде Мисирдеги Фатимийлер кулап, Ахлис-Сунна Вал-Жамаанын батиний мазхаптарын контролдоп турган доор болчу. Мындан улам укукчулар, билимдүү жана ойчулдарды өзгөчө философ жана мистиктерди Батинийлик күмөн саноо шылтоосу менен өтө оор абалда контролго алынган Мисирдеги Фатимийлер династиясынын соңуна чейин Ахлис-Сунна менен

каршы чыкса улама менен болгон мамиле үзүлмөк жана шаарда көптөгөн келишпестиктер пайда болмок. Бир жагынан Сухревердинин өлтүрүлгөн 1191-жылы абдан маанилүү окуялар болгон. Бул жылы ыйык Жер Ортолук деңиз согуштары абдан күч алып, Арстан Жүрөктүү Ришар Аксага (сөз болгон жай Месжиди Акса) келген. Селахеддин Аййюбий да куралды бузуп жаткан террорист Решидуддин Синандын спионеж (атайын бирөө жөнүндө маалымат берүү) жана саясий иш аракеттерин токтотууга аракет кылып, бир жагынан крестүүлөр менен бетме бет согушкан. Ушул эле убактарда, Аббасилер калыйпалыгынын (өлкөсүнүн) саясий оюндары менен Фатимийлердин соккулары да уланып жаткан коркунуч бар эле. Бүгүн бул нерселерден улам Селахеддин Аййюбийнин жөнөкөй мистик-философдун өлтүрүлүүсүн талап кылган даражадагы шашылыш мамилесинин арка планында башка коркунуч жана бут коюулардын бар экендигин эске алуу абзел.

Карап көргөндө Селахеддин Аййюби жаш уулунун зээнинин бузулуусунан да артык Сухревердинин ойлоп тапкан жаңы саясий аракеттен корккондуктан ушундай мамиле көрсөткөн болсо керек.[32] Айрыкча Сухревердинин Халепке Селахеддин Аййюбинин Мусул-Диярбекр жана Шам аймактарында өз ара келишпестик (чаташтык) абалында болгон Артуклу жана Селчуклу аймактарынан келгендиги коркунучун күчөткөн бир себеп катары да каралышы мүмкүн.[33]

Ошондуктан, "Жалганчы пайгамбар, Алланын сапаттарын кабыл албоо, күфр маанисине келе турган ишенимдерди үгүттөө жана жаш Малик Газинин башын айландыруу, сыйкыр жана бакшылык кылуу, бийлик эрежелерине моюн сунбоо"[34] сыяктуу айыптоолор, саясий душман катары Сухревердини каралоону каалаган Халеп уламасы жана өлкөсүндө ички душмандарды эч кандай күчтөндүрүүнү каалабаган Сухревердинин төрт кол менен кармашкан (машру) өлтүрүү себебин түзгөн. Мындай болсо да Х. Зиянин белгилегениндей эле Исмаилий пикирлерге жол ачып жатат деген ою, башка бир канча пикири сыяктуу Сухревердинин чыгармаларынан далилдендирүүгө мүмкүн болбогон ойлор [35] болуп саналат.

Х. Зия Үлкендин (ө.ж. 1974) пикири боюнча Сухревердинин өлтүрүлүүсүнө крестүү жортуулдары менен согошуп турган чөйрөдөгү калктын сый урматынын жоголгондугунун ролу болгон.[36] Башта бир изилдөөчү өлтүрүнү "укукчулардын өч алуусу жана Селахеддин Аййюбинин

---

Шиит (Шия жана Исмаилиййе арасындагы диний талаш-тартыштар жана келишпестиктердин негизги проблемасы башкаруучулук маселеси болгон. Шектендирбеген бир жагдай *Сухревердинин башкаруучулук тууралуу ой пикири баарына маалым болгон Исмаилий тобуна тиешелүү экендиги. Ошондуктан анын ойлору Исмаилийликке окшош. Бул ой пикирлери өлтүрүлүүсүнө алып барган" Ebu Reyyân, Usûlu'l-Felsefetu'l-İşrâkiyye inde Şihâbuddin es-Sühreverdî,. 120.*

[32] Ziyâî, "**Sühreverdî: Aydınlanmacı Felsefe Doktrini**", 120.

[33] Marcotte, "**Suhrawardî al-Maqtûl**, The Martyr of Aleppo", XXII, 403.

[34] Ziyâî, "**Sühreverdî: Aydınlanmacı Felsefe Doktrini**", 290.

[35] Ziyâî, "**Sühreverdî: Aydınlanmacı Felsefe Doktrini**", 300.

[36] Ülken, **İslâm Felsefesi Kaynakları ve Etkileri**, 173.

фанатизмине" байланыштырса да[37], биз бул окуяны Селахеддиндин Сириялык крестүүлөрдүн колунан жаңы эле кутулгандыгы жана кадыр баркынын улануусу үчүн уламанын колдоосу абдан керек болуп турган учурда каалоолоруна моюн сунуусунун[38] бир натыйжасы катары карасак болот. Бул багытта Зия Йөрүкан да анын өлтүрүлүүсүнүн эң кенен мааниде бир саясий окуя экендигин белгилейт [39] Селахеддин Аййюбийнин өзүнүн кемчиликтеринен кабардар болгон кызганчаак Халептик уламалар жаңылтып жаткандыгын белгилеген М. Икбал, бул окуя жөнүндө төмөндөгү аныктаманы колдонот: "өлтүргүндөр өлүп жок болду, бирок акысы кан менен төлөнгөн философия дагы деле жашап жатат жана канчалаган жалындуу акыйкат изилдеген адамды өзүнө тартууну ийгиликтүү аткарып жатат."[40] Натыйжада Сухреверди, Захабинин айтуусуна караганда "талашып-тартышты, женди жана өлтүрүлдү".[41] Бул маселе боюнча эң маанилүү изилдөөлөрдүн бирөөсүн аткарган эл-Беййуминин ою боюча ал ойчул болбогон эле жалган ойдун негизинде өлтүрүлгөн.[42] Жогорудагы айтып өткөн өлтүрүү себептерин көз алдыбызга келтирип, булардын ойчулдун пикирлеринин негизинде карап көргөнүбүздө, Сухревердинин чыгармаларында бул ойлордун жалган экендигин байкоого болот. Мисалга алсак ойчулдун пайгамбардык жөнүндө ой пикирлерин мындайча маңыздасак болот: Анын ою боюнча пайгамбардык деген нерсе өзү инсан коомунун милдеттүү муктаждыктары үчүн керек болгон нерсе. Себеби адамдар өз ара мамилелеринде, никелеринде, үй-бүлөлүк жашоо турмушунда жазаны жана алкышты талап кылган иштеринде Кудайдын койгон буйруктарына карап иш жүргүзүү тийиш. Эгер Алланын жардамы менен ар кылымда арасынан бирэлчи (пайгамбар) жөнөтпөгөн болгондо, адамдардын коомдук турмуштагы керектүүлүк менен бир чечимге келе албайт болчу. Мына ошондуктан элчи Кудайдан келгендигин аяттар менен далилдендирген адам болуп саналат. Элчи жөнөтүлгөн коомго Алланын жашоону контролдогон каалоо жана буйруктарын билдирет. Мына ошондуктан адамзат үчүн пайгамбарлык керектүү бир институт катары эсептелет.[43] Баарыга маалым Сухреверди Ислам теологиясынын билинген пайгамбардыгын кабыл кылат ошондуктан бул пикирлер анын өлтүрүлүүсүн талап кыла турган чектен ашуудан оолак. Бир гана "батыний пайгамбардык" пикири жана Аз.Мухаммеддин пайгамбарлыгына каршы терс ой пикирлерди айткан күмөн санноолор,

---

[37] Corbin, Henry **"Şihâbuddin Sühreverdî"**, İslâm'da Bilgi ve Felsefe içinde, çev. Mustafa Armağan, İz Yayıncılık, İstanbul 1997, 123.

[38] Corbin, Henry **"Şihâbuddin Sühreverdî"**, İslâm'da Bilgi ve Felsefe içinde, çev. Mustafa Armağan, İz Yayıncılık, İstanbul 1997, 123.

[39] Corbin, Henry **"Şihâbuddin Sühreverdî"**, İslâm'da Bilgi ve Felsefe içinde, çev. Mustafa Armağan, İz Yayıncılık, İstanbul 1997, 123.

[40] Yörüken, Yusuf Ziya, **"Şeyh Sühreverdî'nin Hadise-i Katli"**, Şehzadebaşı Evkaf Matbaası, İstanbul, 1924, 484.

[41] Yörüken, Yusuf Ziya, **"Şeyh Sühreverdî'nin Hadise-i Katli"**, Şehzadebaşı Evkaf Matbaası, İstanbul, 1924, 484.

[42] Zehebî, Şemsuddin Muhammed, **Siyeru A'lami'n-Nübela**, Müeesetü'r-Risale, Beyrut 1984, XXI, 208.

[43] Бул тема туурасында караңыз., Beyyumî, Muhammed Recep, **"İnsafu Sühreverdî eş-Şehid"**, Mecelletü'l-Ezher (içinde), Kahire 1972, XLIV, 443-445.

(зындык) деп эсептесе, кээ биреөлөрү ойчул жана кереметтүү ойчул деп эсептешкендигин белгилеген.[49] Бирок Сухреверди өлгөндөн кийин ал жөнүндө изилдөөлөрдүн тарапсыз болгондугун көрүүгө болот. Бул изилдөөлөрдүн бири Абдуллатиф эл-Багдади (ө.ж. 1231) Сухревердинин чыгармаларынын аз гана бөлүмүн окуп, эң маанилүү чыгармаларын көрбөй калса да, ал жөнүндө так маалымат алууга аракет кылган жана ошентип балким калктын тура эмес түшүнгөндүгүнө себеп болуп калган.[50] Биз ал жөнүндө Халеп калкынын дагы биргелешип динден чыккан (мулхит) жана олуя (вели) деген ой пикирде биргелеше албагандыктан, бул нерсенин ашыкча кетүүсүн туура көрбөйбүз. Натыйжада ойчулдун бизде бар чыгармаларында жогорудагы маалыматтарды колдой турган өлтүрүлүү себебин туура деп деп айта турган маалыматтар эч кездешпеди, аны да белгилеп кетүүбүз абзел.[51]

**Жыйынтык**

Сухревердинин өлтүрүлүүсүнүн Ислам дүйнөсүндө илимий багыттын өнүгүүсүн жана позитивдик илимдерге болгон кызыгууга бир канча убак тоскоол болгондугу айтылат. Тарыхый жактан бул ойчулдун өлтүрүлгөндүгүнөн улам Исламды жана мусулмандарды жамандап, аларды билимдин душманы, фанатик, ойчулдарды өлтүргөн жана зулумдук өзгөчөлүктөрү менен башкаларга таанытууну каалаган ниети бузук адамдар болгон.

Ошондуктан ушул сыяктуу ойтылган ойлорду анализдеп чыгып, чындыкты изилдөө зарыл. Бул мисалдарда көрүнүп тургандай антикалык булактардагы маалыматтарда динге каршы болгондугунан улам өлтүрүлгөндүгү айтылган, Шихабуддин Сухревердинин өлтүрүлүүсүнүн себеби диний эмес, саясий жана инсандык себептерге таянууда десек жаңылышпайбыз. Себеби философдун чыгармаларында анын өлтүрүлүүсүнө себеп боло ала тургандай деле эч нерсе жоктой көрүнөт. Бул себептен улам айтсак болот; бир жагынан мамлекеттин тынчтыгын, биримдигин ички стабилдүүлүгүн жана келечегин ойлогон бир башкаруучунун саясий коркунучу, бир жагынан бир гана өз келечегин ойлогон бир канча уламанын жамандыгы ойчулга бул кайгылуу натыйжаны алып келген. Эң өкүнүчтүүсү динди шылтоо кылып өлтүрүшкөндүгүндө болуп жатат. Натыйжада мындай окуяны Исламды кабыл кылган эч бир

---

[49] Башка бир биографисттин ал жөнүндө айткан маалыматтары аябай таң калтырат.Себеби бул маалыматтарда анын бейчара, кир, балиттиктен улам аябай жыттанган, жуунбаган,тырнак, чачтарын албаган ж.у.с, адамдын сүрөтү чагылдырылып тартылган. Караңыз, Safedî, Selâhaddin, **el-Vafi bi'l-Vefeyat,** II, 321. Ойчулдун жашоосунун бир бөлүгүн бийлик органдары менен өткөзгөндүгүн эске алсак, бүткүл булардын туура болбой тургандыгын айтууга болот. Бирок бул жерде маанилүү болгон нерсе ойчулдун адамдарга эмне үчүн мындай таанытылгандыгында турат. Биздин оюбузча мындай жазуулар анын көз караштарынын жайылуусун токтотууга болгон аракеттер эле.

[50] Zehebî, **Siyeru A'lami'n-Nübela**, V, 317.

[51] Караңыз. Bedevî Abdurrahman, **Batı Düşüncesinin Oluşumunda İslam'ın Rolü**, , çev., Muharrem Tan, İz Yayıncılık, İstanbul 2002, 206.

мусулман түшүнбөс, бул өлтүрүү нияти жаман адамдардын куралына айланган жана философиялык жектелүүгө жана философдун ой пикирлеринин жайылуусуна тоскоол болушкан.

Бирок Сухвердининин жашаган доорун ал жашаган саясий жана социалдык шарттарына карата баа бере турган болсок, саясий көрө албастыктан улам өлтүрүлгөндүгүн туюга болот. Бул изилдөөдө ачыктоого аракеттенген эң негизги маселе болуп, Сухреверди жогоруда айтылган иштерди жасагандыгы үчүн эмес саясий жана жеке эсептешүүдөн улам өлтүрүлгөндүгү.

Бул изилдөө туура эмес түшүнүктөрдү жок кылууга жана тазалоого ошондой эле акыйтаттарды көрсөтүүдө аз да болсо пайдалуу болсо биз өзүбүздү максатыбызга жеттик деп эсептээр элек.